КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН
I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №159 Оргочор айылы

Тилекмат айылынын Проектируемая -13 көчөсүнө комузчу Асанбек Жаналиевдин ысымын берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” Мыйзамынын 34-беренесинин 17 пунктун, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамынын 7-статьясына ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңешинин социалдык маселелер. Маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Молдокматованын билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңеш токтом кылат:

1. Тилекмат айылынын Проектируемая-13 көчөсүнө комузчу Асанбек Жаналиевдин ысымын коюу боюнча аталган көчөнүн тургундарынын макулдугу эске алынсын.

2. Тилекмат айылынын Проектируемая -13 көчөсү Асанбек Жаналиев атындагы көчө болуп аталсын.

3. Асанбек Жаналиев деп ат коюлган көчөдөгү ар бир үйгө көчөнүн аталышы жана номер тагылган табличкаларды жасатып тагуу, ошондой эле көчөнү көрктөндүрүү, жарыктандыруу, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо иштерин көзөмөлгө алуу жагы балдарына, бир туугандарына, неберелерине тапшырылат.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселелер” боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**